**ЖАҢЫЛЫК ТҮРМӨГҮ**

**Бийик кыялдары бар БАУнун 2023-жылдагы бүтүрүүчүлөрү**

*16-июнь, 2023-жыл. Борбордук Азия.*Теңир Тоо менен Памирдин көк тиреген бийик тоолорунун койнунда жайгашкан Борбордук Азия Университетинин (БАУ) Кыргызстандагы Нарын жана Тажикстандагы Хорог кампустарында диплом тапшыруунун салтанаттуу аземи түз эфирде жана ата-энелерди, окутуучуларды, ардактуу меймандарды чогултуу менен өтүп, студенттерди жетишкендиктери жана ийгиликтери менен куттуктап, кубанычтарын тең бөлүшүп жана келечектеги кыялдарынын орундалышына ак тилектерин айтышты.

БАУнун Камкорчулар Кеңешинин мүчөсү Ханбийке Зара Ага Хан Нарын кампусундагы аземге катышып, меймандарга кайрылды. Ал бүтүрүүчүлөрдүн ийгиликтери менен жетишкендиктерине колдоо көрсөткөндөрдүн салымын, ошондой эле БАУнун жалпы жетишкендиктерин белгиледи. Ал “Бүтүрүүчүлөрдүн ынтызарлыгын ойгото алган жана алардын билимге суусаган демине дем кошуп шыктандырган” окутуучулар менен кызматкерлерге ыраазычылык билдирди. Ошону менен катар донорлорго, өнөктөштөргө жана ыктыярчыларга терең ыраазычылыгын айтып: “Мындай чоң кең пейилдик жана жакындан колдоо болбосо БАУ дүйнө жүзүнө таланттуу айымдарды жана мырзаларды жөнөтө албайт болчу ”- деди.

Ханбийке Заранын куттуктоосунда университеттин негиздөөчүсү жана канцлери Улуу даражалуу Ага Хандын кайрылуусу да камтылган. Анын кайрылуусунда бүтүрүүчүлөр билим алып, эми Борбор Азия менен дүйнө жүзүндөгү жасалма интеллекттин жаңы формалары жана климаттын өзгөрүшү сыяктуу көйгөйлүү маселелерди чечүү үчүн татыктуу билим алганы баса белгиленет: “Силер ар бири жашоодо маанилүү болгон маалымат технологиялары, жер жөнүндө илимдер, экономика жана байланыштар боюнча билимдерге ээ болдуңар. Силер ар түрдүүлүк өкүм сүргөн коомчулукта жашоо эмне экенин жана силерди кучак жайып тосуп алуу кандай боло турганын аңдап билип, өзүңөр үчүн ачылыштарды жасай алдыңар”.

БАУнун Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы Шамш Кассим-Лакха саламдашуу сөзү менен чыгып сүйлөп, Канцлер жана Камкорчулар Кеңешинин атынан университеттин Колдоочулары болгон Кыргыз Республикасынын, Тажикстан Республикасынын жана Казакстан Республикасынын Президенттерине БАУга көрсөткөн баа жеткис жардамдары үчүн өзгөчө

ыраазычылыгын билдирди. Ал төмөндөгүдөй деди: “Биз университетти негиздөөчү үч өлкөнүн Билим жана Илим Министрликтерине инновациялык агартуу программаларын жайылтууга көмөктөшкөнү үчүн ыраазычылык билдиребиз. Нарын, Хорог жана Текели аймактарынын губернаторлору менен мэрлерине БАУну коомчулуктун бир бөлүгү катары жылуу кабыл алганына ыраазыбыз”.

“Билл жана Мелинда Гейт” Фондусунун гендердик теңдик боюнча Президенти Анита Зайди негизги баяндамасы менен чыгып сүйлөдү. Ага Хан Университетинин бул бүтүрүүчүсү өзүнүн жашоосундагы жана эмгек жолундагы маанилүү сабактар менен бөлүшүп, балдарды өлүмгө дуушар кылган жугуштуу оорулар менен күрөшүүгө жана дүйнөдөгү гендердик теңдик маселесине токтолду. Ага Хан Университетинин медик-бүтүрүүчүлөрүнүн арасында Улуу даражалуу Ага Хан менен жолугушуудагы: “Өз өлкөңөргө, Пакистанга кызмат кылгыла!” - деген кеңешин эскерип, БАУнун бүтүрүүчүлөрүн да кесиби боюнча дүйнө жүзүнө саякатка чыкканда ар ким өзүнүн коомчулугунун алдында милдеткер экендигин унутпаш керектигин айтып, Борбор Азияга кызмат кылууга чакырды.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим Министри Каныбек Иманалиев БАУнун Нарын кампусундагы салтанаттуу аземге негизги мейман катары катышып жатып: “Биз тоолуу аймактардагы коомчулуктардын жашоосунун сапатын жакшыртууга багытталган дүйнөдөгү саналуу университеттердин бири болгон агартуу жайынын бүтүрүүчүлөрүнө, балдарыбызга татыктуу жашоого жолдомо берип жатабыз”-деди.

БАУнун Хорог кампусунун негизги мейманы, Тажикстан Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин өкүлү, доктор Худойдодзада Фаррух: “Мен БАУ Тажикстан Республикасынын Билим берүү жана Илим Министрлиги жана башка агартуу мекемелери менен тыгыз кызматташууну түзүп иштешип жатканына кубанычтамын. Келечекте өлкөнүн билим берүү тармагына орчундуу салым кошот деп ишенем”.

Мыкты бүтүрүүчү, Пакистандын Гильгит Балтистан элет аймагынын тургуну, мектепке барыш үчүн күн сайын 6 км аралыкты басып өткөн Ваджахат Хан бардык ата-энелерге бүтүрүүчүлөр ансыз ийгиликтерге жетиши мүмкүн болбогон алардын жан аябаган мээрими жана күйүмдүүлүгү үчүн ыраазычылык билдирди. Ошондой эле өзү менен бирге окуган курдаштарын коомго карата жоопкерчилик жана камкордук менен мамиле кылууга чакырып:

“Биз дүйнө жүзүнөн көргүбүз келген өзгөрүүлөрдү жасоого өзүбүз үлгү болууга тийишпиз. Баарыбыз тынчтык менен агартуунун элчилери жана коргоочулары болуп, жаңы окуяларды издеген жаңы сапарга чыгышыбыз зарыл”.